**ЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Философия жана политология кафедрасы**

| | | |
|---|---|---|
| *“Бекитилди”*<br>Кафедранын 2022-жылдын “24” августундагы жыйынынын №1 протоколунда<br>Кафедра башчы: _______________<br>Проф. Курбанбаев К.А. | | *“Макулдашылды”*<br>Факультетинин ОМК-н 2022-жылдын“__” _______-________ жыйынынын №____ протоколунда<br>Фак-н ОМК-н төрагасы: _________<br>___________________________________ |

# “Социология” дисциплинасы боюнча

***СТУДЕНТТЕРДИ ОКУТУУ ПРОГРАММАСЫ***

***(Syllabus)***

## Окуу планы боюнча сааттардын торчосу

| Социология | Сааттардын саны | | | | | СӨАИ | Отчет туулук |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | Аудит. Сабактар | | | | | |
| | | Ауд. саб. | Лекция | Практ. (семин.) | Лабор. | | |
| *Социология* | *60 (2 кр)* | *30 (2 кр)* | *15* | *15* | *-* | *30* | *Сынак.* |
| II сем/I сем | 60 | 30 | 15 | 15 | - | 30 | Сынак |

**Окутуучу – Эшеналиева Д. Т.- Ош МУнун Философия жана политология кафедрасынын окутуучусу. Эмгек стажы – 14 жыл. Философия жана политология кафедрасы ОшМУнун Эл аралык мамилелер факультетинин №410 кабинетинде жайгашкан. Кафедрада шейшемби күндөрү саат 14:00 дөн баштап болот. Байланыш телефону: 0552270185, 0778584407 e-mail: dikastal@mail.ru**

Жумушчу программа жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизинде даярдалды.

Ош – 2022

**Түшүндүрмө кат**

Социология башка коомдук илимдердин арасында көрүнүктүү орунду ээлейт. Азыркы ааламдашуу мезгилинде өз кесибине дасыккан гана адамдарды тарбиялоо эмес, коомдогу чыныгы инсандарды тарбиялоо негизги максаттардан. Ошондуктан социология адамдын коомдо ээлеген ордун аныктай алуусунда, коомдун мыйзам чененемдүүлүктөрүн көрсөтүү менен, коомук мамилелердеги адамдын ордун табуусуна көмөк көрсөтөт.

Социология курсу жогорку окуу жайларда окутулуучу жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналарынын компонентине кирет. Мамлекеттик билим берүүнүн стандартында тандоо курсу болуп окутулуп келет. Бул курс студенттерди адам, анын коомдо ээлеген орду, анын коом менен болгон мамилеси, социлогиялык түшүнүктөр, категориялар, багыттары менен тааныштырат.

Социология критикалык ыкмаларды пайдалануу аркылуу жана эркин ой жүгүртүүнүнүн негизинде адамдын, үй-бүлөнүн коомдогу ролун табууга, социологиялык изилдөөлөр аркылуу коомду таанып-билүүгө жана андагы жалпы законченемдүүлүктөрдү түшүнүп баалоого мүмкүнчүлүк берет.

1. **Курстун максаты:**

Коомдогу адамдын ордун, коомдун закон ченемдүүлуктөрүн ачып берүү, социологиянын илим катары калыптанышы, анын өнүгүү этаптары, андагы ар түрдүү багыттар, социологиянын структурасы, социология илиминин функциясын, социологиялык изилдөөлөрдүн методологиясын, методдорун, атайын социологиялык теорияларды, үй-бүлө социологиясын, жеке адам социологиясын, жаштар социологиясын, билим социологиясын ачып берүү менен студенттердин дүйнөгө болгон көз караштарын кеңейтип, адам менен коомдун байланышы, адамдын коомдогу ээлген орду, адам мамилелери жөнүндөгү түшүнүктөрдү баалай билүү (түшүнүүгө) жана социумдагы ордун жана ролун аныктоо жөндөмдүүлүгүн артыруу.

**Курстун негизги милдети:**

- социология предметинин адамдын жана коомдун турмушундагы ролун түшүнүү
- социалдык проблемаларды социологиялык илимий түшүнүктөрдүн негизинде ачып берүү
- социолгия илиминин калыптанышына токтолуу менен коомдун өнүгүүсүнө социологиялык анализ берүү;
- социологиялык окуулардын, ар түрдүү агымдардын айырмачылыктарына токтолуу жана концепцияларынын жана мектептеринин өзгөчөлүгүн аныктоо;
- коомго болгон социологиялык көз караштан калыптандыруу
- коомдогу кубулуштардын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн, алардын байланыштарын, өнүгүү принциптерин ачып көрсөтүү;
- социологиянын башка коомдук илимдер: социалдык философия, тарых, экономика, юридикалык илимдер менен байланышын ачып көрсөтүү.

**Темалар:**

Социология илим катарында.

Социология илиминин объектиси, предмети, структурасы, методу жана коомдо аткарган функциясы

Кайра жаралуу жана Жаны доордогу социалдык ой-пикирлер. 19-20-кылымдардагысоциологиянын өнүгүшү.

Социологиялык изилдөөлөрдүн программасы.

Социологиялык изилдөөлөрдүн методдору.

Үй-бүлө социологиясы.

Жеке адам социологиясы

Бош убакыт социологиясы

Билим социологиясы жана жаштар социологиясы

**Окуу үчүн зарыл болгон материалдар:**

**Негизги адабияттар:**

1. Кравченко А., Анурин В., Социология М., 2003.
2. Аттокуров Т.,Социология., Ош.1998.
3. Аттокуров Т.,Коомдун социалдык-саясый проблемалары. Ош., 2006
4. Аттокуров Т.,Абдиева Ж., Кыргызстандагы социалдык ойлор жана социология. Ош 2012
5. Аттокуров Т., Абдиева Ж., Атайын социологиялык теориялар. Ош., 2014
6. Антология мировой политической мысли. М., 1997 Т.1.

**Кошумча адабияттар:**

7. Аттокуров Т.Социология. Предмет. Структура Ош., 2001
8. П.Сорокин Человек. Цивилизация. Общество. М., 1992.
9. Харчева В., Основы социологии. М., 2003.
10. Как провести социологическое исследование. Под. Ред. М. Г. Горшкова, М., 1990.
11. Анурин В. Ф., Эмприческая социология М., 2003.
12. Кыргыз Республикасынын Конституциясы
13. Кыргыз Республикасынын Уй-було кодекси
14. Аттокуров Т. Турмуш тиричилик маселелери Ош, 2014
15. Радугин А., Радугин К., Социология.

Ошондой эле студенттер керектүү метериалдарды түрдүү багыттагы булактардан пайдананууга болот. М: ММК, газета, илимий журналдар, интернет- зарыл жана керек болгон учурда.

**13. Упайларды коюу саясаты**

Студент баллды сабактын бардык түрлөрүндө топтойт. Лекцияда студенттердин сабакка көңүл буруусуна, конспектинин өзү үчүн зарыл деп эсептеген жана негизги түшүнүктөрдү жазып алуусуна жана окутуучу тарабынан берилген суроолорго өз ойун эркин, негиздүү бергендигине жараша 0-10, семинарда студенттин активтүүлүгүнө, конспектисине алган билимдерин практикада колдоно алуусуна, креативдүү изденүүсүнө карата 0-14 чейинки балл коюлат. Аралык текшерүүдө - максимум 10б. Тест, оозэки жана жазуу иши менен алынат. СӨАИ студенттердин чыгармачылыгына жараша алар тандаган

формада кабыл алынып анда студенттердин жазган иштерин билгендигине, төшөнгөндөгөнө жана колдоно алуусуна жараша 0-16 балга чейин коюлат. Жыйынтык текшерөөгө – максимум 40 упай. Ал негизинен тест формасында компютерде алынап, ар бир студенттке 20 дан суроо, ар бир суроого 2 ден балл берилет.

**Академиялык жетишүүнү баалоо шкаласы:**

| **Рейтинг (баллы)** | **Баалоо тамга системасында** | **Баалоонун цифралык эквиваленти** | **Баалоо традициялык системада** |
|---|---|---|---|
| 87 – 100 | A | 4,0 | Эң жакшы |
| 80 – 86 | B | 3,33 | Жакшы |
| 74 – 79 | C | 3,0 | |
| 68 -73 | Д | 2,33 | Канааттандыраарлык |
| 61 – 67 | E | 2,0 | |
| 31-60 | FX | 0 | Канааттандыраарлык эмес |
| 0 - 30 | F | 0 | |

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин көрсөтмөлөрү жана нормативдик актыларынын негизинде гуманитардык, табигый, техникалык жана башка дисциплиналар боюнча экзамендерде баалоонун төмөнкүдөй критерийлери иштелип чыккан:

- “эң жакшы” деген баа эгерде студент сынакта окуу –программалык материалды толук түрдө өздөштүрө алса, программадагы тапшырмаларды ийгиликтүү аткарса, программада көрсөтүлгөн негизги жана кошумча адабияттар менен толук түрдө тааныштыгы болсо коюлат. Эреже боюнча беш алган студент дисциплинанын негизги түшүнүктөрү тууралуу билиши жана окуп жаткан адистигиндеги маани – маңызын терең өздөштүрүшү, окуу – программалык материалды колдонууда жана түшүндүрүүдө чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтө алышы зарыл;
- “жакшы” деген баа эгерде студент сынакта окуу – прграммалык материалды толук түрдө өздөштүргөн болсо, берилген программадагы тапшырмаларды ийгиликтүү аткарса, негизги адабияттарды өздөштүрсө коюлат. Ошондой эле дисциплина боюнча систематикалык мүнздөгү билим деңгээлин көрсөтүп, аларды кийинки окуу иштери менен адистик ишмердүүлүгүндө өз алдынча аткара алганда коюлат;
- “орто” деген баа эгерде студент негизги окуу материалынын кийинки окуусуна жана ала турган адистиги боюнча керектүү көлөмдө гана билсе, программада көрсөтүлгөндөй негизги адабияттар менен тааныштыгы болсо коюлат. Ошону менен бирге эле “орто” деген баа сынакта тапшырмаларды аткарууда катачылыктарга жол берсе, бирок аны окутуучунун жардамы менен оңдосо коюлушу керек;
- “жаман” деген баа эгерде студент негизги окуу – прграммалык материалды толук өздөштүрбөсө, тапшырмаларды аткарууда орчундуу катачылыктарды кетирсе, базалык билимдерге ээ болбосо коюлат.